Венера Туратбек кызы

КТМУ

ИЛИМИЙ СТИЛДЕГИ ТЕКСТТЕРДИН АЙРЫМ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Текст түшүнүгү лингвис-тиканын тигил же бул багытына карабастан, стиль түшүнүгү менен тыгыз байланыштуу. Эгерде стиль адам ишмердүүлүгүнүн жол-жоболору, ык-амалдарына байла-ныштуу маселелерди өз ичине камтыса, текст маселеси белгилүү бир стилде эң чоң коммуникативдик процессти ишке ашырган бирдик болуп саналат. Демек, стиль автордун максатына, багытына жана тилине мүнөздүү болгон өзгөчө-лүктөрдү чагылдырган тилдик каражаттарды текстте пайдалануу ыкмасы, жолу, белгилердин жыйындысы болуп эсептелет (Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 1969).

Жанрдык өзгөчөлүктөргө жараша текстте бир нече стилдер колдонулат. Ушул жагдай тексттин бардык структурасына, мазмунуна өз таасирин тийгизет. Ошол себептүү стиль колдонулуу чөйрөсү жана аткарган функциясы боюнча төмөнкүдөй функционалдык стил-дерге бөлүнөт:

1. Турмуш-тиричиликте сүйлөшүү стили
2. Иш кагаздар стили
3. Илимий стиль
4. Публицистикалык стиль
5. Көркөм стилдеги тексттер.

Кайсы гана функционалдык стиль болбосун, алардын колдонулуш чөйрөсү жана чектери болот. Алар бири-биринен кескин айырмаланат. Бул функционалдык стилдердин ичинен, биз бул макалада илимий стилге кайры-лабыз. Илимий стилде жазылган тексттер, Розенталдын ою боюнча, мындай топторго бөлүнөт.

а) илимий-популярдуу

б) илимий-иштиктүү

в) илимий-техникалык

г) илимий-публицистикалык

д) илимий-окуу (Розенталь: 1987, 33). Ал эми биз лингвистикалык өңүттөн изилдей турган жана изилдөөнүн обьектиси боло турган стиль – илимий стиль. Бул стиль илим чөйрөсүн тейлегендиктен, тексттер илимге багытталат.

Илимий стилдеги тексттердин мазмуну жалпы мүнөздө болот жана алар абстракттуу түрдө берилет. Муну менен бирге окурмандардын жалпы чөйрөсүнө багытталган-дыктан, алар түшүнүктүү болушу шартка ылайык.

Илимий стилдеги тексттерде, жалпы жонунан, стандарт да кайсы бир деңгээлде мүнөздүү (Кыргыз адабий тили; 771). Мындай мүнөздөгү тексттер коммуникативдик милдет менен катар таанып билүүчүлүк, агартуучулук функ-цияларды да аткарат (Сенкевич: 1997, 36). Себеби илимий стилдеги тексттерде фактылар, кубулуштар илимий

негизде иликтенип чагылдырылат. Мындай багыттагы тексттердин негизги стилдик өзгөчөлүгү болуп таптык, объек-тивдүүлүк, логикалуулук саналат.

Илимий стилдеги тексттер стандарттуулугу боюнча расмий-иш кагаздарынаан кийинки орунду ээлейт (Сенкевич: 1997, 36).

Илимий стилдеги тексттерде да чындык жөнүндөгү объективдүү илимий-теориялык идеялар чагыл-дырылат.

Илимий стилдеги тексттер илим чөйрөсүнө арналгандыктан, мындай тексттердин тематикасы, мазмуну, өнүгүү динамизми ачык-айкын болот (Атамуллаева: 2009, 9). Ошондуктан илимий тексттер башка стилдин жанрларына караганда тилдик өзгөчөлүгү, аргументтүүлүгү, ынанымдуулугу боюнча айырма-ланат. Маселен, илимий стилдеги тексттердин тактыгы менен көркөм стилдеги тексттердеги тактык өздөрүнүн сапаттык белгилери боюнча бири-биринен кескин айырмаланат. Бул сапаттарды төмөнкү метатексттен карап көрөлү:

Варианттардын пайда болушуна фонетикалык, акцентологиялык жана морфологиялык мыйзам ченемдер да таасир тийгизери – табыйгый фактор. Мында ички жана сырткы факторлор мааниге ээ. Варианттуулуктун өзү - тилдин эволюциясы жана коммуникациянын талаптарын камсыз кылуу менен шартталган кубулуш. Ошондуктан вариациялануу, адата, бир эле эмес, имманенттик жана экстралинвисти-калык бир нече себептердин натыйжасы деп айтууга болот.

Демек, варианттуулук жана варианттар жогоруда көрсөтүлгөн ички жана сырткы факторлордун негизинде пайда болуп, тилде орун алып, кепте реализацияланат. Бирок варианттуулук өзүнүн жалпы маңызы боюнча тилдик эволюция жана тилдин тарыхый өнүгүүсү менен көбүрөөк байланыштуу кубулуш болгон соң, анын өнүгүүсүнүн тенденциялары кандай болушу мүмкүн деген суроонун коюлушу да мыйзам ченемдүү.

Тилчилердин көз карашында, тилдин тарыхый өнүгүү процессинде сөз варианттарынын пайда болушу кандай мыйзам ченемдүү болсо, алардын жоюлушу да ошондой мыйзам ченемдүү. Вариациялануу тилдеги түбөлүк кыймылдын жандоочусу гана болуп эсептелет. Аны конкреттүү тилдик бирдиктин туруктуу касиети катары кароого болбойт. Изилдөөчү О.С.Ахманова-нын пикиринде, варианттардын өнүгүү тенденциясы төмөндөгүдөй болот: же варианттардын бири акырындык менен эскирет же варианттардын ортосунда стилис-тикалык айырмачылыктар келип чыгат да, алар синонимдерге же өз алдынча сөздөргө айланат (Ахманова: 1957, 32). Чындыгында эле, сөздөрдүн варианттары белгилүү бир мезгил аралыгында гана пайда болуп, бири-бирине атаандаштыкты түзүп, параллель жашашат. Мезгил өткөн сайын алар же лексикалык маанилери жагынан айырмачылыкка ээ болуп, өз алдынча сөздөргө айланышат, же айкашуу чегинин тарышына байланыштуу эркин вариациялануу жөндөмүн жоготушат, же активдүү, продуктивдүү вариант атаандаш-түгөйүн сүрүп чыгарат.

Тил системасынын бир звеносунда вариациялануунун жоюу-лушу башка звеносунда вариа-циялануунун пайда кылганы менен, тил системасында варианттуулуктун акырындык менен азаюу тен- денциясы орун алат (Мусаева: 2010, 77).

Мисалга алынган бул метатекстте илимий стилдеги текстке тиешелүү маалыматтар камтылган. Айталы, бул метатекстте **фонетика, акцентология, морфология, вариант-туулук, эволюция, коммуникация, имманенттик, экстралингвистикалык, тенденция, стилистика, синоним, антоним, активдүү, продуктивдүү, система** өңдүү терминдер активдүү колдонулду. Бул терминдер, бир чети, илимий стилдеги бул метатексттин орчундуулугун жана олуттуулугун дана көрсөтүп, метатексттин илимий боёкторго жыш экенин айгинелейт. Аны менен катар илимий стилдеги текстте айтылуучу ой-пикир, илимий терминдер менен ырасталып аныкталат, такталат.

Илимий стилдеги тексттерде аргументтүүлүк негизги сапаттардын бири болуп саналат. Себеби илимий стилде тактык жана аргументтүүлүк талап кылынат. Мына ошондуктан жогоруда мисалга алынган мета-текстте негизги идея варианттуулук багытына байланыштуу маселелер башка дагы окумуштуулардын ой-пикирлеринин жана аларга болгон көз караштардын фонунда ачык туюндурулду. Ошого жараша шилтемелер берилди. Бул жагдай тексттин далилдүүлүгүн, ынаным-дуулугун арттыра алды. Ошентип, илимий стилге зарыл болгон аргументтүүлүк мына ушундай ыкмада, стилде, кырдаалда, шартта жана мисалда берилди. Ошондой эле метатекстте ой түшүнүктүү, кыска, так берилип, негизги маселеге байланыштуу илимий көз караш жана ойлор мазмундук жактан ирети менен туюндурулду.

Бул метатекстте илимий стилдеги тексттерге таандык тилдик каражаттар максаттуу пайдала-нылган. Маселен, мисалга алынган метатекстте илимий ой, көз караштар ошондуктан, демек, ошентип, чындыгында эле, тилчилердин көз карашында деген сыяктуу сөздөр, киринди кыскартуулар аркылуу дагы так, ынанымдуу берилип, аталган тилдик каражаттар текстте логикалык байланыштарды түзө алды.

Метатекстте колдонулган тил-дик каражаттарынын баары түз жана бир мааниде колдонулду. Бул текст филологиялык багытта жазыл-гандыктан, анда тилдик процесстин белгилүү бир кубулушуна, кө-рүнүшүнө мазмундук жактан кылдат анализ берилген. Анализде кам-тылган ойлор илимий стилдеги тексттерге мүнөздүү ачык-айкын, так туюндурулган. Метатекстте бир ойдон экинчи ойго өтүү процесси да ачык-айкын берилгендиктен, текст логикалык жактан ырааттуу жана түшүнүктүү. Маселен, вариант-туулуктун чыгышы, анын пайда болу себептери жана аларга болгон илимпоз-окумуштуулардын ой-пикири сунушталган. Ошентип, аталган теманын тил процессиндеги орду жана мааниси так, дана аныкталган.

Бул илимий стилдеги текстте ойлор бөлүк-бөлүк түрүндө берилип, ар бир бөлүк бири-бири менен маанилик жактан тыгыз байла-нышкан. Илимий тексттеги ло-гикалык ой метаксттин дээрлик ар бир абзац, бөлүктөрүндө сакталган.

Ошентип, мисалга алынган бул илимий текст коюлган талаптарга ылайык аткарылып, максатына жеткен. Илимий стилдеги тексттер башка жанрдагы тексттерден мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат деп ойлойбуз.

Адабияттар:

1. Атамуллаева М.А. Язык и стиль научных текстов в таджикском языке. Автореф. канд. дисс. – Душанбе, 2009.
2. Аширбаев Т., Кыргыз тилинин стилистикасы. – Бишкек, 2004.
3. Кыргыз адабий тили. – Бишкек, 2010.
4. Мусаева Т.С., Вариант-туулуктун келип чыгышынын жалпы себептери жана өнүгүү тенденциясы. – Бишкек, 2010.
5. Розенталь Д.Э. Практи-ческий курс русского языка. – Москва, 1987.
6. Сенкевич, М.Г.Вальгина. Теория стилей. - Москва, 1977.